| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br><br>**ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ**<br>**ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ**<br>**ТАМГА АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**<br>**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**<br>**XXVIII-ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН**<br>**КЕЗЕКТЕГИ XIVСЕССИЯСЫ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br><br>**ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**ЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН**<br>**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ ТАМГИНСКОГО**<br>**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**<br>**ОЧЕРЕДНАЯ XIV СЕССИЯ XVIII**<br>**СОЗЫВА** |

# ТОКТОМ

2022-жылдын 20-сентября № 28 Тамга айылы

**Баткен облусундагы кыргыз-тажик чек арасындагы жаңжалдан курман болгон Канатбек уулу Агадил Канатбековичтин үй бүлөөсүнө материалдык жардам көрсөтүү жана ысымын Тосор айылынын көчөсүнө ыйгаруу жөнүндө.**

Баткен облусундагы кыргыз-тажик чек арасындагы жаңжалдан курман болгон Канатбек уулу Агадил Канатбековичтин үй бүлөөсүнө материалдык жардам көрсөтүү жана ысымын Тосор айылынын Жаңы-Жер-1 көчөсүнө ыйгаруу максатында Тамга айылдык кеңешинин XXVIII-чакырылышынын  кезектеги сессиясы **токтом кылат:**

1. Баткен облусундагы кыргыз-тажик чек арасындагы жаңжалдан жабыркагандарга колдоо көрсөтүүгө айыл өкмөтүнүн бюджетинин эсебинен 50 000 (элүү миң) сом акча каражаты бөлүнүп берилсин.

2. Айыл өкмөтүнүн башчысы Т.Баямановго жана финансы-экономика бөлүмүнүн башчысы Ж.Орозбаковго сессиянын токтомунун негизинде 2022-жылга бекитилген жергиликтүү бюджеттин чыгымдоолорунун 71093 «Социалдык камсыздоо» бөлүмүнүн 27211500 «Калкты социалдык жактан камсыздоо» статьясынын эсебинен Канатбек уулу Агадил Канатбековичтин атасы Мамытов Канатбектин бет эсебине которуп берүү жагы милдеттендирилсин.

2. Баткен облусундагы кыргыз-тажик чек арасындагы жаңжалдан баатырларча курман болгон жоокер  Канатбек уулу Агадил Канатбековичтин элесин түбөлүк жашатуу жана келечек муунду тарбиялоо максатында, элесин түбөлүккө жашатуу боюнча ысымы Тосор айылынын Жаңы-Жер-1 көчөсүнө ыйгарылсын.

3. Бул токтомду Юстиция министрлигинин Ысык-Көл облустук башкармалыгынан каттоодон өткөрүү жагы Тамга айылдык кеңешинин жооптуу катчысы Н.Шабданбаевага тапшырылсын.

4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык кеңештин пландоо, бюджет жана финансы боюнча жана социалдык маселелер боюнча туруктуу комиссиясына жана айыл өкмөтүнүн башчысы Т.Т.Баямановго тапшырылсын.

**Төрага** **А.А.Букаров**